Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана Референдумду өткөрүү
боюнча Борбордук Шайлоо
комиссиясына

Баткен областынын Кадамжай
районуна караштуу Көтөрмө айыл
аймагынын жашоочусу
Айдарова Майрамкандан

# Билдирүү

Менин шайлоодогу Баткен облусуна караштуу Кадамжай районунун Көтөрмө айыл өкмөтүндөгү Кызыл-Булак, Кескен-Таш шайлоо участкаларындагы админресурсту пайдалануу, фонд ачпай баннер чыгарып, үгүттөө, арыкка бөлүнгөн акчаны шайлоо алдында өз адамдарына таратуу, шайлоо күнү добуш берүү жайына ак халат менен кирип, 3 саат мыйзамсыз отуруп, өзүнө үгүт жүргүзүү, энеси өкмөттө жооптуу катчы, келини участкалык комиссияда жооптуу кызматкер, баласы талапкер жеңүүчү сыяктуу ыплас мыйзам бузууларды жасагандар бүгүн шайлоо бузулбашы деп эл аралап биз сүттөн акпыз деп кол топтоп жүрүшөт. Мисалы, арыкка деп 100 миң сомду 8-апрелде алган 3 саат добуш берүү жайында ак халат кийип, өзүнө элди үгүттөгөн Патила Мустафакулова үймө-үй эл кыдырып, компромат катка кол топтоп жүрөт.

Ал эми Лангар айылында өкмөттүн жооптуу катчысы Зияда Батырованын кенже уулу Кубанычбек Канаев апасынын, жеңесинин, агасынын мыйзам тебелеген жоруктарын актоо үчүн элден кол топтоодо. Ал эми айыл өкмөтү Махмуд Токторовтун орун басары, шайлоого кызматын тапшырбай катышып, админресурсту каалагандай колдонуп, өтүгүн торго илген Азизбек да шайлоо сүттөн ак өттү деп элден кол топтогондор баш сабында жүрөт.

Жогорудагылардын негизинде мен жазган бардык мыйзам бузуулар жеринде оперативдүү текшерилсе, толук аныкталмак. Жалган маалымат берсе, ишенбеңиздер. Өздөрүнүн кландык башкаруусун сактап калуусу үчүн бардык күч аракетин жасап жатат.

Менин билдирүүмдү кароосуз калтырбай сиздерден мыйзамдуу жооп күтөм.

Урматтоо менен Майрамкан Айдарова.

**29.04.2021-жыл**

**М.Айдарова**

**Ватсап номер:0777 549195**

**0702 234974**